DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2021

*Эргешали кызы Актилек, Айдарова М.Д., Төрөев Ы.*

## ЖОГОРКУ КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫН ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ТУРМУШКА ДАЯРДООНУН СОЦИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ӨБӨЛГӨЛӨРҮ ЖАНА МАЗМУНУ

*Эргешали кызы Актилек, Айдарова М.Д., Тороев Ы.*

## СОЦИАЛЬНО-ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ПРЕДПОСЫЛКИ И СОДЕРЖАНИЕ ПОДГОТОВКИ УЧАЩИХСЯ СТАРШИХ КЛАССОВ К СЕМЕЙНОЙ ЖИЗНИ

*Ergeshali kyzy Aktilek, M. Aidarova, Y. Toroev*

## SOCIO-PEDAGOGICAL PREREQUISITES AND CONTENT OF PREPARING HIGH SCHOOL STUDENTS FOR FAMILY LIFE

*УДК: 373.51*

*Бул макалада жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоонун социалдык-педагогикалык өбөлгөлөрү жана мазмуну, аны практикада колдонуу жолдору каралды. Ааламдашуу процессинин талабына ылайык кыргыз элиндеги салттуу үй-бүлө, заманбап үй-бүлө түшүнүктөрү талдоого алынып, алардын өз ара байланышы, айырмачылыктары, өзгөчөлүктөрү жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо атайын иштелип чыккан сабактын фрагментинин алкагында анализденди. Салттуу жана заманбап үй-бүлөлөрдөгү ата-эненин ролу, милдети түшүнүктөрүнүн маани-маңызы чечмеленип, өз ара камкордук, жардамдашуу, колдоо көрсөтүү сыяктуу түшүнүктөр менен толукталып кеңейтилди. Ошондой эле жогорку класстардын окуучуларын үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо заманбап үй-бүлө түшүнүгүнүн маанисин ар тараптуу карап чыгуу аркылуу окуучулар тарабынан заманбап үй-бүлөнүн курамы, максаты, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы өз ара мамилелешүү маданияты, адеп-ахлактык жүрүм-турум нормалары, заманбап үй-бүлөдөгү баалуулуктар системасы жөнүндөгү билим, билгичтиктер өздөштүрүлдү.*

***Негизги сөздөр:*** *үй-бүлө, үй-бүлөлүк турмуш, окуучулар, жогорку класстар, салттуу, заманбап, фамилистика.*

*В данной статье рассмотрены социально-педагогические предпосылки и содержание подготовки старшеклассников к семейной жизни, пути ее применения на практике. В соответствии с требованиями процесса глобализации были проанализированы понятия традиционная семья, современная семья кыргызского народа, их взаимосвязи, различия, особенности в рамках специально разработанного фрагмента урока по подготовке старшеклассников к семейной жизни. Расширена трактовка смысла понятий роль, обязанность родителей в традиционных и современных семьях, дополнена такими понятиями, как взаимная забота, помощь, поддержка. Также через всестороннее рассмотрение значения понятия современная семья в подготовке старшеклассников к семейной жизни учащимися были освоены знания, умения и навыки о составе, целях современной семьи, культуре взаимодействия между членами семьи, нормах нравственного поведения, системе ценностей в современной семье.*

***Ключевые слова:*** *семья, семейная жизнь, ученики, старшие классы, традиционная семья, современная семья, фамилистика.*

*This article examines the socio-pedagogical prerequisites and content of the preparation of high school students for family life, the ways of its application in practice. In accordance with the requirements of the globalization process, the concepts of traditional family, modern family of the Kyrgyz people, their interrelationships, differences, and peculiarities were analyzed within the framework of a specially developed lesson fragment on preparing high school students for family life. The interpretation of the meaning of the concepts of the role and duty of parents in traditional and modern families has been expanded, supplemented with such concepts as mutual care, help, and support. Also, through a comprehensive consideration of the meaning of the concept of modern family in the preparation of high school students for family life, students have mastered the knowledge, skills and abilities about the composition, goals of the modern family, the culture of interaction between family members, the norms of moral behavior, the system of values in the modern family.*

***Key words:*** *family, family life, students, high school, traditional family, modern family, family studies.*

Көптөгөн илим тармактары өз изилдөө предметине жараша үй-бүлө педагогикасы үчүн маанилүү деп эсептелген заманбап үй-бүлөнүн өзгөчөлүктөрүн изилдешет. Бирок, акыркы он жылдын ичинде үй-бүлө тууралуу илимий маалыматтардын интеграцияланышына, ошондой эле, заманбап үй-бүлө боюнча системалуу анализди жана дисциплиналар аралык ыкамалды ырастай турган, айрыкча, тарбиялоо кызматына ээ болгон бир илимдин чегиндеги методдорго муктаждык жаралды. Үй-бүлөнү комплекстүү жана системалуу түрдө изилдей турган илим калыптануу баскычында турат жана ал «фамилистика» деп аталат (мындай аталыш көрүнүктүү ата-мекендик философтор А.Г. Харчев жана М.С. Мацковский тарабынан 1978-жылы сунушталган) [5]. Азыркы учурда аталган илим калыптануу баскычында тургандыктан үй-бүлө түшүнүгүнө бир тараптуу так аныктама берилген эмес. Анткен менен илимде окумуштуулар тарабынан үй-бүлө, салттуу үй-бүлө, үй-бүлөнүн түрлөрүнө аныктама берүү аракеттери көрүлгөн.

Үй-бүлө – бул эркин түрдө никеге негизделген, кандаш бир туугандык мамилелер менен байланышкан кичи социалдык топ.

Салттуу үй-бүлөлөрдө ролдор, милдеттер атайын нормаларга карата бөлүштүрүлүп, эркекке үй-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



бүлөнү камсыздоочу, багуучу ал эми аялга тарбиялоочу рол тиешелүү болуп келген.

Белгилүү кыргыз педагогу Н.А.Асипованын берген аныктамасына таянсак «Үй-бүлө – бул нике менен бириккен, биологиялык жактан жана табигый бир туугандык байланыштарды ичине камтыган чакан адамдардын тобу. Үй-бүлө мүчөлөрүн үй тиричилик, адеп-ахлак жактан жоопкерчилик, өз ара жардамдашуу сыяктуу табигый бир туугандык мамилелер бириктирип турат. Үй-бүлөдө анын мүчөлөрүнө тиешелүү эрежелер, талаптар, жубайлар, ата-энелер жана балдар арасындагы өз ара чектелген карым-катнаш мамилелер өкүм сүрүп турат» [3] - деп салттуу үй-бүлө түшүнүгүнөн кескин түрдө айырмаланып үй-бүлөдөгү үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бирине болгон жылуу мамилесин, жубайлардын өз ара жоопкерчилигин, үй-бүлө мүчөлөрүнүн үй жумуштарын аткарууда көмөктөшүүсүн шартоо менен үй-бүлөнүн бекемдигин, ар кандай турмуштук жагдайларга, татаал шарттарга карата туруктуулугун камсыздайт.

Ал эми Н.О. Адилбекованын пикиринде «Тарыхый процесс боюнча кыргыз үй-бүлөсүнүн түзүлүшү, иш-чаралары, нике жана баалуулуктары боюнча кээ бир жаңылануу иштерине карабастан, үй-бүлө негизги түшүнүктөрүн улантып жана сактап кала алган» [1].

Заманбап үй-бүлөгө эгалитардык тип мүнөздүү болуу менен анын өзөгүн ыктыярдуу түрдө, тең укуктуулуктун негизинде никеге турган жубайлар түзөт. Мындай типтеги үй-бүлөлөрдө жубайлардын инсандык укуктары, жоопкерчиликтери эң алдынкы орунда болуп алардын акыл-эстик, адеп-ахлактык, кесиптик, руханий өсүп өнүгүүгө болгон мүмкүнчүлүктөрү бирдей каралат.

Заманбап үй-бүлөдө ата-эненин ролуна өзгөчө басым жасалат. Анын негизин жубайлардын бири-бирине болгон инсандык өз ара жоопкерчилик, сүйүү, камкордук сезимдери түзөт. Ата-эне тарабынан түзүлгөн үй-бүлөдөгү жагымдуу психологиялык атмосфера баланын физиологиялык, инсандык, психологиялык, эмоционалдык, акыл-эстик жактан өсүп жетилүүсүнө таасир тийгизет. Бул тууралуу Б.Б. Алымбаева «Үй-бүлөдөгү түзүлгөн иштиктүү ырай атап айтканда, балага болгон сүйүү, ишеним, түшүнүү, аларга көрүлгөн камкордук, булардын баары балдардын кең пейил, чынчыл, жакындарына мээримдүү болуп өсүүсүнө шарт түзөт» [2] - деп үй-бүлөдө ата-эненин ролуна өзгөчө басым жасаган.

Бул маселеге байланыштуу атайын программанын мазмунунда камтылган сабактын фрагментин карап көрөлү.

**Сабактын темасы: Заманбап үй-бүлөнүн өзгөчөлүгү**

**Сабактын максаты:** окуучулардын заманбап үй-бүлөнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү маалымдуулуктарын жогорулатуу жана түшүнүктөрүн кеңейтүү

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

Окуучулар салттуу жана заманбап үй-бүлөлөрдүн айырмачылыктары, өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтып бере алышат;

Окуучулар үй-бүлөдөгү баалуулуктарды атап бере алышат жана алардын маанилүүлүгүн аңдап билүүгө жөндөмдүү болушат;

Окуучулар заманбап үй-бүлөлөрдөгү мамилелер, баалуулуктар жөнүндө өз ойлорун негиздүү билдире алышат.

**Негизги түшүнүктөр:** үй-бүлө, салттуу үй-бүлө, заманбап үй-бүлө, баалуулуктар, каада-салт, үй-бүлө башчысы

**Колдонулуучу усулдар:** кырдаалдарды түзүү усулу

**Колдонулуучу каражаттар:** таркатма материалдар

**Сабактын жүрүшү**

**Сабакты уюштуруу этабы:**

Кыргыздар жашап келет бул ааламда,
Дагы да жашай берет кылымдарга.
Салттары, үрп-адаты, мурастары,
Арналып эң бир асыл урпактарга.

Карыяларыбыз нускалуу болсун,
Байбичелерибиз нускалуу болсун.
Келин-кыздарыбыз уяттуу болсун,
Уулдарыбыз ыймандуу болсун.

**Сабактын негизги этабы:**

Жогорудагы ыр саптарында айтылгандай кыргыз элинин салттуу үй-бүлөлөрүндө жубайлар ортосундагы ролдор алардын табиятына жараша аныкталып, уул-кыздарды тарбиялоо көп жылдык тажрыйбалардан улам калыптанган каада-салттардын негизинде ишке ашып келген. Буга далил катарында төмөндөгү кыргыз элинде эзелтеден бери эл оозунда жүргөн макалдарды айтууга болот. М: Ата кебин эшиткен уул адеп тутат. Ата болсоң акылдуу бол, эне болсоң мээримдүү бол. Аталардын иши балдарга үлгү. Эне адаты – кызга үлгү.

Учурда заман талабына ылайык жубайлар тең укутуулукка ээ жана алардын үй-бүлөдө аткарган ролдору, милдеттери да бирдей бөлүштүрүлгөн.

Сиздин оюңуз боюнча заманбап жаш үй-бүлө түшүнүгүнүн мааниси кандай? Окуучулардын жооптору: Сүйүү, өз ара түшүнүшүү, бири-бирине болгон ишеним, урмат-сый, жашоодогу максаттары бир жаш

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



үй-бүлө, ата-эне жана балдар ж.б. Заманбап үй-бүлө түшүнүгүн кененирээк карап чыгуу үчүн төрт тайпага бөлүнөлү.

1-тайпа заманбап үй-бүлөлөрдүн курамы жөнүндө баяндап берет.

2-тайпа үй-бүлө куруунун негизги максаты жөнүндө (максаттардын маанилүүлүк деңгээли боюнча) айтып берет.

3-тайпа үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бири менен болгон өз ара мамилелешүүлөрүн карап чыгат.

4-тайпа заманбап үй-бүлөдөгү баалуулуктар системасы жөнүндө айтып берет.

Берилген тапшырмаларды талкуулоо үчүн окуучуларга беш минута берилет. Мүмкүн болуучу жооптор:

**1- тайпа**

Заманбап үй-бүлөнүн курамы. Заманбап үй-бүлө көбүнчө ата-эне жана 1 же 2 баладан турат. Чоң-ата жана чоң-энелер өзүнчө жашашат. Ар бир экинчи үй-бүлө ажырашууга дуушар болгондуктан толук эмес үй-бүлөлөр да көп. Көпчүлүк үй-бүлөлөрдө ата-энелер балдарын тарбиялагысы келбейт же кандайдыр бир себептерден улам (ичкиликке берилгендик ж.б.) балдарын тарбиялай алышпайт.

**2-тайпа**

Үй-бүлө куруунун максаты. Адамдардын көпчүлүк бөлүгү үй-бүлөнү чарбачылык иштерин бирге алып кетүү үчүн курушпайт. Үй-бүлө куруунун негизги максаты болуп – эмоционалдык баарлашуу, жашоого ыңгайлуу болгон шарттын, турак-жайдын болуусу эсептелинет. Балалуу болуу жана аларды тарбиялоо – манилүүлүк деңгээли боюнча экинчи орунду ээлейт. Ата-энелердин айрым бир бөлүгү балалуу болууну арткы планга жылдырып өздөрү үчүн жашоону каалашат. Кээ бир балдар никеден сырт төрөлөт жана мындай учурларда ата-энелер балдары үчүн үй-бүлөнү сактап калууга аракет кылышпайт. Ал эми орто жаш кураktагы адамдар үй-бүлө курууда чарбачылык иштерин бирге жүргүзүү максатын көздөшөт. Анткени алар чарба иштерин биргеликте жүргүзүүнүн пайдалуулугун түшүнүшөт

**3-тайпа**

Үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы өз ара мамилелер. Заманбап үй-бүлөлөрдө көбүнчө ата-эне экөө тең иштейт жана үй-бүлөнүн пайдубалын материалдык жактан түптөөдө бирдей салым кошушат. Андыктан үй-бүлөдөгү мамилелер тең укуктуулук принцибинин негизинде куралат. Үй ичиндеги милдеттер да бирдей бөлүштүрүлөт. Ата да эне да үй-бүлө башчысы боло алат. Балдар материалдык жактан ата-энесине көз каранды жана аларга баш ийишет, бирок алардын каалоолору, укуктары эске алынат.

**4-тайпа**

Заманбап үй-бүлөдөгү баалуулуктар системасы. Адамдын укуктары, тең укуктуулук, өз ара жардамдашуу, эмгекчилдик, ишкердүүлүк. Азыр заманбап үй-бүлө менен салттуу үй-бүлөнүн өзгөчөлүктөрүн карап чыгалы.

| **Критерийлер** | **Үй-бүлөнүн түрлөрү** | |
|---|---|---|
| | **Салттуу үй-бүлө** | **Заманбап үй-бүлө** |
| Үй-бүлөнүн курамы | Ата-эне, уул-кыздары, үй-бүлө курган балдар, чоң-ата, чоң-энелер, неберелер | Ар кандай көбүнэсе 1-2 балдардан турган үй-бүлөлөрдүн саны үстөмдүүлүк кылат. |
| үй-бүлө куруунун негизги максаты жөнүндө (максаттардын маанилүүлүк деңгээли боюнча) | Үй-тирчилик жумуштарын чогуу алып кетүү, жашоодо рухий-нравалык нормаларга таянуу, тарбиялоо процессин диндин негизинде ишке ашыруу | Эмоционалдык жактан бири-бирине колдоо көрсөтүү. Жашоо үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү |
| Үй-бүлөдөгү мамилелер | Жолдошу, атасы – үй-бүлө башчысы. 2-орунда жубайы, энеси, ал эми үй-бүлөнүн калган мүчөлөрү аларга баш ийишет. Балдар ата-энесин жакшы көрүшөт, урматташат, ата-эне балдарын жакшы көрөт, аларды тарбиялайт. | Жубайлар ортосундагы укук жана милдеттер бирдей бөлүштүрүлгөн. Ата-эне балдарын тарбиялайт жана аларга мыкты билим берүүлөрү керек. Мында балдардын укуктары чоң мааниге ээ. |

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



| | | |
|---|---|---|
| Үй-бүлөдөгү баалуулуктар системасы | Жаратканга ишеним көрсөтүү, сүйүү, чоңдорго болгон урмат-сый, эмгекчилдик, өз ара жардамдашуу, кечиримдүүлүк | Адамдын укуктары, тең укуктуулук, өз ара жардамдашуу, эмгекчилдик, ишмердүүлүк |

**Сабактын жыйынтыктоо этабы: «Үй-бүлөлүк ролдор» көнүгүүсү.**

Мугалим окуучуларга тапшырмалар жазылган баракчаларды таркатат.

**Көнүгүүнү аткарууга көрсөтмө:** силер менен чогуу жашаган үй-бүлө мүчөлөрүнүн аттарын жазгыла жана алардын аткарган ролдору аларга канчалык деңгээлде мүнөздүү болгонуна карай жылдызчалар менен белгилегиле.

***** анын ар дайымкы аткарган ролу**

**** ал мындай иштериди көбүнчө аткарат**

*** мындай иштер кээде ага тиешелүү**

| **Үй-бүлө мүчөлөрүнүн аттары** | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Үй жумуштарын уюштуруучу | | | | |
| Азык-түлүктөрдү сатып алуучу | | | | |
| Кирешени камсыз кылуучу | | | | |
| Казыначы (акчаларды бөлүштүрүүчү) | | | | |
| Ашпозчу | | | | |
| Тамактан соң столду жыйнап, идиш аяктарды жууп таазалоочу | | | | |
| Жаныбарларга кам көрүүчү | | | | |
| Эс алуу жана майрамдарды уюштуруучу | | | | |
| Чечим кабыл алган адам | | | | |
| Бузулган нерселерди оңдоп түзөгөн адам | | | | |
| Каттуу тартипти жактоочу | | | | |
| Капаланган адамдга көңүл бөлгөн адам | | | | |
| Көйгөйлөрдү чечүүдөн качкан адам | | | | |
| Үй-бүлөдө талашып-тартышуу учурунда өзүн калыс кармаган адам | | | | |
| Үй-бүлөнүн кызыкчылыктарын өзүнүнүн кызыкчылыктарынан жогору койгон адам | | | | |
| Болбогон нерселердин артынан чырдаша берген адам | | | | |

Учурда үй-бүлө куруунун эң негизги көрсөткүчтөрү болуп – сүйүү, ишеним жана бири-бирине колдоо көрсөтүү эсептелинет. Үй-бүлө ар бир адамдын жеке сапаттарын ачууга көмөк көрсөтөт. Ал эми салттуу үй-бүлөдө мындай сапаттар көмүскөдө калат. Анткени балдар бир гана үй-бүлө башчысына баш ийишет жана алардын укуктарына, оюна, көз караштарына маани берилбейт же эске алынбайт.

Демек, үй-бүлө институту бир гана аял жана эркектин юридикалык жактан нике кыюу акты болбостон, ошол эле учурда үйлөнүүгө бүтүм чыгарган жаштардын коом алдында адамдык, адеп-ахлактык, социалдык, улуттук, тарыхый баалуулуктар боюнча жоопкерчиликтерди алгандыгын да билдирет.

Заманбап үй-бүлөлөрдө баланын укуктарына, кызыгууларына кайдыгер мамиле жасоого жол берилбейт. Ошондой эле үй-бүлөдө ата-эне баланын ар тараптуу өнүгүүсүнө шарт түзүү үчүн аракет кылышат. Жубайлар ортосунда укук, милдет, керектөөлөрдү ишке ашырууда да экөөнө тең бирдей жоопкерчиликтер жүктөлөт.

**Адабияттар:**


1. Адилбекова Н.О., Унал А. Заманбап кыргыз үй-бүлөнүн көз караштарынын анализи. Известия ВУЗов Кыргызстана №2, 2018. - 76-б.
2. Алымбаева Б.Б., Сабырова Э.С. Этнопедагогиканын негизинде үй-бүлө тарбиясынын өзгөчөлүктөрү КББА №2, 2016. - 174-б.
3. Асипова Н.А. Социалдык тарбия. - Б., 2004. – 185-б.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



4. Насбекова С.К. Кыргызстанда үй-бүлө мыйзамдарынын калыптанышы жана өнүгүүсү. Наука, новые технологии и иновации Кыргызстана № 2, 2018.
8. Харчев, А.Г. Современная семья и её проблемы [Текст] / А.Г. Харчев, М.С. Мацковский. - М., 1978. - 24 с.
9. Байышова Г.Ж., Мамышов К.Ч. Организация и проведение этнопедагогической практики в подготовке педагогических кадров. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 4. С. 48-51